***DOI:10.26104/NNTIK.2022.74.52.044***

*Бердиев А.Т., Кочконов А.*

# ДУБА, БАТА БЕРҮҮНҮН АДЕПТЕРИ ЖАНА ТУРМУШТАГЫ МАҢЫЗЫ

*Бердиев А.Т., Кочконов А.*

# ЭТИКЕТЫ МОЛЕНИЯ, БЛАГОСЛОВЛЕНИЯ И ИХ ЗНАЧЕНИЕ В ЖИЗНИ

*A. Berdiev, A. Kochkonov*

# THEETIQUETTE OF PRAYER, BLESSINGS AND THEIR ESSENCE IN LIFE

*УДК: 947.1:2(575.2)*

*Макалада кыргыз элинин салттуу билимдерин окуп үйрөнүү жана аны сактап улантуудагы элдик ынанымдар,алардын маанилери жана маалыматтары жөнүндөгү негизги ойлор берилет. Бабаларыбыздын тарых жолунда биз үчүн өтө баалуу маданий дөөлөттөрдү жаратып, бизге түбөлүк мыкты мурастарды, адат-салттарды калтырган. Нукура элдик салт кандай доор болбосун өз өкүмүн жүргүзүп, журтчулукта сакталуу бойдон укумдан тукумга уланып келгендиги турмуштук шарттан бизге белгилүү. Ислам дини кабыл алынгандан кийин да улуттук сыймык, элдик нарк-насил, ыймандык баалуулуктар ошол бойдон рухубузда сакталып калган. Саламдашуу адеби, дуба,бата берүү адеби тарбиянын эң негизги түпкүрүн ээлеген. Дуба – аллахка кайрылуу. Дуба – үн салуу, чакыруу, жардам суроо, аллага жалбаруу, жараткандан тилөө деген маанилерди өз ичине камтыйт.*

***Негизги сөздөр:** салт, элдик, ынаным, маданий, дөөлөт, ислам, дин, нарк, насил, дуба.*

*В статье излагаются народные поверья в изучении и сохранении кыргызских народных традиций, а также основные мысли об их значения и сведения. Наши предки в историческом процессе создали очень важные культурные ценности и оставили для нас вечно прекрасное наследие, обычаи и традиции. Нам известно, что истинно народные обычаи и традиции несмотря на разные периоды сохраняли свою актуальность у народа, передавались из поколения в поколение в усовершенствованном виде. Даже после принятия религии ислам национальная честь, народное достоинство, нравственные ценности сохранились в нашей душе. Этикет приветствия, благословления занимали самое основное место в воспитании. Благословления – это обращение к Аллаху, молитва. Молитва включает в себе значения прошение помощи, вызов к благословлению, обращение к Аллаху.*

***Ключевые слова:** традиция, народный, поверья, ценность, ислам, религия, наследие, благословление, молитва.*

*Learning the traditional knowledge of Kyrgyz people give the basic thoughts about its preservation proceeding popular persuasion, their meaning and information. Our ancestors in a way of history created and left forever for us most valuable cultural values best inheritance tradition and customs. As we know from living condition the real popular traditions in spite of periods conducted their influence in public was and continued in generation from generation. After the adoption of Islamic region national pride, moral values is still in our souls. Greeting etiquette, the etiquette of prayer and blessing occupy the basic part of upbringing. Prayer – calling for help, prayer to God, prayer to the Creator includes these meanings.*

***Key words:** customs, folk, belief, cultural values, Islamic religion, prayer.*

Кыргыздар – тарыхта аты эң эрте белгилүү болгон Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экендигин бүгүнкү күндөгү илимий маалыматтар, тарыхый даректерден жакшы билебиз. Түрк тилдүү калкты IV-VIII жана IX-XVII кылымдарда Рим, Ватикан жана Варяг өкүлдөрү басынтууга жетишип келди. Орустар теги түрк болгон элдерди XV-XX кылымдарда бөлө баштаса, совет комиссарлары бул идеяны ийгиликтүү уланткан. Эмне болгон күндө да нукура элдик каада, салт кандай доор болбосун өз өкүмүн жүргүзүп, эл арасында сакталуу бойдон укумдан тукумга уланып келген. Совет доорунда арааны жүргөн атеистик кыймыл канчалык жасалма бийлигин күчөткөнү менен улуттук сыймык, элдик нарк-насил, ыймандык баалуулуктар ошол бойдон рухубузда сакталып калган. Алакан жайып бата кылуу адеби кыргыз журтчулугунда кыргыз эли жаралганда эле көктөн, жаратკандан тилөө адаты калыптанган. Элибиздин аң сезиминде бата, дубанын касиетине болгон ишеними, батанын кадыр баркынын дем күчү адамзаттын рухий жактан умтулууларына, жашоого болгон ынтызарлыгына, өткөндү эстеп, жаш муундардын тарбиясында үлгү болорлук рухий азык, магиялык күч дем берерине багыт берген. Дуба берүү, ак бата-ата салтыбыз аны аздектөө, кийинки муунга жеткирүү ар бирибизге жазылбаган мыйзам катары парз экендигин жүрөгүбүздөн сезип туйабыз. Тилекке каршы Батыштын, еврей маданиятын тууроо бүгүнкү күндө кеңири жайылып бараткандай. Ааламда жаңылануу, өсүү – бул мыйзам ченемдүү көрүнүш, цивилизациянын өсүү жолунда үлгүнү батыштан эмес, ата салтыбыздан издегенибиз кийинки муунга өз таасирин тийгизет. Кылымдап топтолгон элдик эстетикалык сынчыл ойломдун жыйындысы, элдик педагогиканын уюткусу-элдик санатнасыят, үлгү ырлары, макал-лакаптары, элдик эпостор муундан муунга мурас катары кийинкилерге калтырылган. Жээнтек той (бала төрөлгөндө), боорсок той (бала там-туң алгачкы басканда, ичкилик элиндеги аталышы), сүнөт той, кыз узатуу, үйлөнүү тойлору жана башка элдик каада-салттар дуба, бата берүү эрежеси менен башталган жана жыйынтыкталган.

Эч бир коом, адамзат өзгөртө алгыс каадаларды мурунку муун өкүлдөрү өздөрүнүн татаал, сыймыктуу тарых жолунда биз үчүн өтө баалуу маданий дөө-

лөттөрдү жаратып, бизге түбөлүк мыкты мурастарды, каадаларды, салттарды аздектеп калтырган. Элибиздин тарыхында нукура элдик салт кандай доор болбосун өз өкүмүн жүргүзүп, журтчулукта сакталуу бойдон укумдан тукумга уланып келген. Ислам дини кабыл алынгандан кийин да улуттук сыймык, элдик нарк-насил, ыймандык баалуулуктар ошол бойдон рухубузда сакталып, жумурай журтка кызмат кылган. Саламдашуу адеби, дуба, бата берүү адеби тарбиянын эң негизги түпкүрүн ээлеген. Дуба – аллахка кайрылуу. «Дуба-араб сөзү, жалынуу, табынуу» - дегенди билдирет [1, 98-б.]. Дуба – үн салуу, чакыруу, жардам суроо, аллага жалбаруу, жараткандан тилөө деген маанилерди билдирет. Дуба кылуу-адамзаттын табиятында жаралган жана каада, эреже катары рухубузга сиңген. Ниетти оңдоо зарылчылыгы, ниет амалга жараша болорлугу жөнүндө ата салтыбызда дайыма эскертилип турган. Пайгамбарыбыз (с.а.в): «...пенденин дувасы кабыл болорт, эгер күнөө кылбаса, жаман тилектеги ойлору болбосо, дуба-ибадаттын өзү» - деген осуятын биз жакшы билебиз. Дуба кылган адам чын ыкластан, чын пейилден дуба кылуусу зарыл, дуба адам баласынын көңүлүн эргитет, ага чын ыкыластан ишенет.

Кыргыз эли ыр жандуу, тактап айтканда ырдан империя кура алган эл, адамзат жарык дүйнөгө жаралгандан (туулгандан) тартып кубанычтын ыры ырдалып, салам берилип, дуба окулган, алланын ысымы менен баланын сол кулагына та бир айтып, оң кулагына азан чакырып кулагын ачып, жакшы тилек-жөрөлгөлөр, ниеттер менен ысым беришкен. Жарык дүйнөдөн өткөндө да ыр-кошок менен куран окулуп, «жараткан чын дүйнөдө бейишин берсин,» деп бата менен узатышкан. Ар кандай элдик үрп адат: баланын төрөлүшү – сүйүнчү, ымыркайга ысым ыйгаруу, бешик той, тушоо кесүү, сүнөт той, кыз узатуу, үйлөнүү үлпөтү деги эле элдик салтанаттуу салттар жаштардын ырлары, каадалуу карыялардын бата берүү аземи менен жыйынтыкталган.

Белгилүү окумуштуу, мударис, араб тилин мыкты билген адис, профессор Хусейин Карасаев: «Дуба-араб сөзү, жаратканга жалынуу, табынуу деген маанини билдирет. Ал эми «Бата» курандын биринчи сүрөсү, «фатиха» сүрөсүнүн кыргызчаланган варианты, алкыш, тилөө, ак тилек, каалоо» - дегенди түшүндүрөт [2, 167-б.].

Элибизде дуба берүү, бата берүү сөздөрү маанилеш эле сөздөр, биринин ордуна экинчиси колдонуп маанисин өзгөртпөйт. Бабаларыбыздын эч кандай мыйзамы, конституциясы болгон эмес, болгону жашоо турмуштан алган элдик сынчыл ойломдун жыйынтыгы, маданий мурасы – макал-ылакаптар болгон. Макалдар – ата бабаларыбыздын көп жылдык турмуштук тажрыйбасынын жыйынтыгы, эл турмушунун казынасы болгондуктан аны бүгүнкү конституциядай эл өкүлдөрү, депутаттар оңдоолор, түзөтүүлөр киргизге алышкан эмес, накта ата салты бойдон биздин күнгө жеткен. Макалдардагы салттуу, каадалуу ак сакалдуу карыялардын, кара кылды как жарган акылман казылардын эң негизги куралы катары өкүм сүргөн, туура эмес иш жасаган букараларды макалдардын мааниси менен жазанага буюрган, сабырдуулукка чакырган. «Бата менен эр көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт», «Сабырдын түбү сары алтын», «Атаңды өлтүргөнгө энеңди бер» деген дагы башка классикага айланган философиялык макал-ылакаптар дуба берүүнүн негизги куралы болгон. Чын эле бул накыл сөздөргө өзгөртүү киргизүү мүмкүнчүлүгү жок, эч кимдин кудурети да жетпейт, бул накта, нукура элдик казына, элдик маданий мурас.

Дуба, же бата берүүчү катарыжашоо турмушта калайыкка эмгеги сиңген, кызматы бар, абройлуу, уулдан урмат, кыздан кызмат көргөн, оозунда бал сөзү бар, эстетикалык табити бийик, ыйманы бакубат, беш убак намазын жазбаган, калктын аялуу катмарына кайрымдуу, дүйнөлүк турмуштук тажрыйбадан кабардар, журтчулукка үлгү болорлук акыйкатты ачыктаган, акылман, сөзүндө сүрү бар, чечкиндүү, такыба кишилер бааланган. Дубанын, батанын түпкү маани маңызы, максаты өтө бийик – бул элдин көңүлүн алуу, элден бата алуу, жараткандан тилөө,элге кызмат кылуу. Кызмат деген сөздүн түпкү маанисинде-ага акы алынбайт, дуба берилет, ал эми жасалган жумушуң болсо ага акы төлөнөт, айлык аласын.

Элибиздин салты – ислам дининин жөрөлгөлөрү менен окшош, шайкеш келет. Бала төрөлгөндө «акыйка» (бешик той) деп жандык союп тууган-урук, жалпы журт чакырылып баланын ырыскылуу, бактылуу, илимдүү, эли журтка алла жолунда кызмат кылсын деп жараткандан жакшылык тилеп дуба алышат, келечекетен, жакшылыктан үмүт кылышат.

Казактын белгилүү акыны, Кыргыз Республикасындагы элчиликти аркалаган, Ч.Айтматовдун кыйышпас досу Муктар Шаханов өз эмгегинде бир мыкты икаяны пайдаланыптыр: «Эл арасындагы бир бай сан-санаксыз байлыкка ээ болуп, жараткан аны баладан кем кылып коет. Жаратканга жалбарып бала тилейт, аллах таала: «сага бала буюрулган эмес» – деген аян жөнөтөт. Кайрадан жаратканга жалбарып, эч болбосо үч күнгө бала берчи, жарык дүйнөдө бала жытын бир жыттап алайын» - деп жараткандан бала тилейт. Алла тааладан: «сенин тилегиң орундалды, үч күнгө бала берилет» - деген аян жөнөтүлөт. Аялынын боюна бала бүтүп, бала төрөлөт. Үй бүлөдө сүйүнүч болуп жээнтек той өткөрүлүп, көп мал союлат, эл журт чакырылат, ар бирине сый урмат, белек берилет. Эл ыраазы болуп балага узун өмүр, бакыт, ырыскы тилеп дуба кылышат. Баланын жытын толо искеген ата-эне, күн жакындаган сайын жүрөктөрү опкоолжуп кыйнала баштайт. Үч күн өтөт, бир жума өтөт, бир ай өтөт,

бир жыл өтөт бала ойноп жүрөт. Ички ой толгоого баткан ата-эне: «Ээ, аллахым, мага баланы үч эле күнгө бердиң эле, бир жылдан бери кыжаалатмын, балам ойноп жүрөт, сага чексиз шүгүрдөмүн».

- Эй пенде, үч күндөн кийин эле балаңды алмакмын, сен балаң үчүн чоң иш жасадың, элиң, журтуң менден сенин балаң үчүн узун өмүр, бакыт, чың ден соолук тилеп дуба кылган, алардын дубасын кайтаруудан уялам», - деген кабарды жиберет [10, 143-б.]. Элибизде дубанын күч-кудретине, магиялык таасирине чын ыклас менен ишенип, мүнөздөрүндө кичи пейилдик, берешендик, марттык сапаттарга ээ болуп, такыбалыктын жаралышын дээрибизде сезебиз.

Ислам аалымдары тарабынан жыйналган хадис китептеринин алтоо ислам дүйнөсүнө кеңир белгилүү: Имам Бухарий, Имам Муслим, Имам Малик, Имам Термизий, Имам Абу Дауд, Имам Насаилер жаратышкан. Имам Бухарийдин өзүнүн толук аты Мухамад Ибн Исмаил деп аталган. Ал төрөлгөндө эле эки көзү азиз болуп төрөлөт. Энеси күнү-түнү ыйлап, жаратккандан: «Кудайым ушул уулума көз берсең, мен муну жалаң илим жолуна берет элем» деп, дуба кылат. Күндөрдүн биринде багымдат намазын окуп, аллахтан тилегин сураган соң, көзү илинип уйкуга кетет, түш көрөт. Түшүндө Ибрагим пайгамбар тарабынан сенин уулуңа көз бүттү, эми жарык дүйнөнү көрөт деген аян берилет. Жаратккандын кудурети менен Бухарийге көз бүтүп, энеси менен Мекке шаарына барып, ажылык зыяраттан соң ислам жолуна биротоло түшүп, энесинин уруксаты менен дин илимине кызмат кылып чоң аалым катары журтчулукка маалым болот. Беш жашыда Куран китебин бүтүндөй жатка алып, өмүр бою илимдин үстүндө жүрүп, жети жүз миң хадисти мыкты билген [10, 144-б.].

Америкалык жазуучу жана окмуштуу Майкл Харт Пайгамбарыбыз Мухаммед (С.А.В) ды ааламга зор өзгөрүү алып келген адамдардын эң алдыңкы катарынан көрүп, тарыхта руханий жана материалдык мейкиндикте бирдей ийгилик жарата алган адам бир гана Мухаммед экендигин белгилейт. Пайгамбарыбыздын мамлекет менен дин системасын укмуштай жуурулуштура билгенинен эле тарыхтагы эң улуу адам экенин баамдайбыз. Ал – адамзат тарыхында дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүндө жана диний иштерде эң көп ийгиликке жетишкен жападан-жалгыз инсан [11, 575-б.]. Мухамед(САВ) дубанын(батанын) улуулугун, анын маанисин түшүндүрүү менен, жаратькандан суроо, тилөө иретинде алаканды жайып жүзүнө сүрткөн, бул Мухамед (САВ)дан сүнөт катары бардык ислам дүйнөсүнө тараган, аны ыйык каада, эреже катары салтыбызга сиңген.

Дуба (бата) берүүчү киши такыба, жаратканга ишенген, ыйманы бакубат, турмуштук тажрыйбасы жагынан үлгү боло ала турган, мыкты үй-бүлөнүн тарбиячысы, сөзгө чечен, билимдүү адам болгону максатка ылайыктуу. Алладан тиленген, суралган дубаларга жооп берерлигине ишенип, ал эң керектүү, зарыл нерсе экендигин дээрибизде кабыл алып, турмушубузга сиңире алсак гана бул каада орун табат. Элдик оозеки чыгармачылык өнөрүндө кеңири пайдаланылып жүргөн, эл тарабынан жылуу кабыл алынган, журтчулукка кеңири таралган эстетикалык сынчыл ойломдорду жөндөмүнө жараша пайдалануу дубанын мүмкүнчүлүгүн кеңейтет. Ниет калыс, тилек так,аракети туура болушу-дубанын негизги талаптарынан. Бата, дуба-ыраазычылык менен гана берилүүчү сыйкырдуу магикалык кубатка ээ ишеним. Дуба – сезим менен коштолуп, келечектен көп үмүттөрдү жаратат. Дуба ал деген сөз - элге кызмат кыл деген эле сөз. Окууга жөнөп жаткан балага карата берилген дуба - «Жеңил барып, оор кел» - билим алып, билимиңди оорлот, элге кызмат кыл, деген түшүнүк дубанын түпкүрүндө жатат. Элге кызмат кыл,элге кызматы сиңген - деген сөздүн тупкүрүндө элдин батасы жатат, же дуба ал деген эле мааниде түшүнүүгө болот. Демек, батасын ал, же кызмат кыл деген-элге, мекенге кызмат кыл деген терең түшүнүктү камтыйт. Кыска тилек, баталар: «Тукумуң өссүн!», «Барака тапкыр!», «Бай болгур!», «Өмүрүңө береке берсин!», «Жараткан кем кылбасын!», «Миң жыл жаша!», «Балдарыңдын рахатын көр!», «Бали, атаңа рахмат!», «Көп жаша!» деген кубануу, ыраазычылык сезимдерин, акбаталарын элдин сообуна, ырыскысына жарагандарга, бүтпөй жаткан жумушту бүтүргөндөргө ыраазычылык сезими. Жашоодо адам баласы өзү үчүн жашабайт, эл үчүн жашайт. Элге берсин, элдин четинде сага берсин, демек адегенде эл журтка тилек, анан дуба талапка ак бата берилген. Ыраазычылык, жакшылык кылсаң ал сени өстүрөт. «Бата берип кой», деген эле сөз эмес, кызмат кылып эмгеги сиңсе, ыраазычылык болсо анан бата жүрөт. Жүрөгүнөн ыраазы болуу – бул бата берүү дегенди түшүндүрөт.

Жеке адамдын батасы-элге кадыры сиңген киши, элдин батасын алган адам дуба берген.

Элдин батасы – элдин уулу деген даражага жетсе, эл өзү бата берет,элге кызматы сиңсе, элдин көйгөйүн чече алганда, мыкты, жарытылуу эмгек жарата алса. Спорттук оюндарда дүйнө чемпиону болсо, мыкты мектеп куруп берсе ж.б.

Дуба (бата) дайыма дуба талап тарабынан өзгөчө эмоциялык сезимдер аркылуу кабыл алынат, мыкты аткарылган ийгиликтер көз алдыбыздан элестетилип өткөрүү менен манилүү сөздөр айтылат. Дубанын негизги мазмуну - жаратькандан жакшылык тилеп, дуба талаптын рухий дүйнөсүндө келечекке ишенимди жаратат, жашоонун маңызына маани берилет, шыктантат, максаттуу өмүр кечирүүгө, аткара турган иштеринин жыйынтыгын көрүүгө, ага жетүүгө ишенич пайда кылат. Дуба талаптан алдында чоң милдет турат: өзүнүн ой-ниеттин тазалоо, эң оболу жараткан-

га болгон, ата энеге болгон, айлана чөйрөгө, курчап турган ааламга болгон, өзүңө болгон тагдырыңа болгон нараазылыкты, капалыкты алып салуу, унутуу - эң зарыл нерсе. Система канчалык жеткиликтүү болгон сайын адам ориентирди өзүнө гана жасаса, ааламда обочолонуу сезими тенденциялары күчтүү болот [12, 37-б.]

Батанын эң негизги бутактарынын бири – ыйман, жаратканга ишенүү, адам баласынын рухий дүйнөсү менен табияттын байланышына ишенүү. Бул ишеним муундан-муунга берилет, ал түбөлүк жашайт. Ишенимдин негизи - дуба, бата түрүндө сакталат.

Адам баласы жаратканда жакшылык үмүт этип өзүнө-өзү бата тилейт, жалган айтпайт, соопчулук иш-аракет жасайт, улууну урматтоого, кичүүнү сыйлоого, кедей-кембагалдарга, жетим-жесирлерге, майып-мунжуларга каралашуу - ички ыразылыкты жаратат, сезимдеги ыраазылык ак батаны жаратат. Ыраазы болуу, ак бата жөп-жөнөкөй «Бактылуу бол», «Өмүрүң узун болсун», «Максатыңа жет» өңдөнгөн сүйлөмдөрдөн, ошондой эле кыска, так жакшылык тилектердин тизмегинен турушу мүмкүн. Дубанын, батанын жаралышы жогоруда белгиленген себептердин натыйжасында келип чыгарын белгиледик. Дубада кереметтүү магиялык өзгөчө сезим, кубат пайда болуп, ааламга, сырдуу дүйнөгө, жашоого чын ыкластуу ишеним жаралат. Дубалар кабыл алуу жагдайына жараша купуя дуба, жарыя дубалар болуп бөлүнөт.

1. Жарыя дубалар, дуба талаптын талабына ылайык дуба берүүчү тарабынан алакан жайып жараткандан тилөө, суроо.

2. Купуя бата эки түрдүү мааниде:

а) Ыраазы болуу маанисинде; адам баласынын турмушунда пайда болгон ички ыраазылыктар, өзгөчө кызмат кылуудан жаралган алкыштар.

б) Нараазы болуу абалда; Эл көзүнө өөн учураган, кайдыгерлик, жалганчылык, мамлекеттик, элдик мүлккө ээлик кылган ыймансыздардын кыймыл аракетине болгон жагымсыз көз караштан пайда болгон наразылык, кошоматчылык, оройлук, маңкуртчулук, уурулук, араккечтик. Мында алакан жайып дуба кылынбайт, бирок наалат иртинде купуя берилип калат.

Кыргыз элинде нарктуу, каадалуу дубаларынын ичинде эң улуусу,өтө каситтүүсү элдик оозеки чыгармалардагы даңктуу каармандардын, эл туу туткан касиеттүү кишилердин дубалары:

Кайраттуу чыккан катардан,
Каблан Кошой аталган.
Батасы журтту байыткан,
Байкаган журтту маарыткан [2, 168-б.].

«Манас» эпосунун тарыхый тамырынан эпостогу Кошойдун батасы өзгөчө баталардын катарында турат:

Манаска перзент берсин деп,
Пайдасын калкы көрсүн деп,
Каныкей эркек туусун деп,
Душмандан намыс куусун деп,
Батыр бала болсун деп,
Манастай атка консун, - деп, [4, 99-б.] кан Кошой Манастын байбичеси Каныкейге берген дубасынан эл бактысына Семетей баатыр туулат. Турмуштагы ар бир эле турмуштук багыттарда жаратканда тилөө, суроо, максат коштолуп жүрөт. Эмгекке байланыштуу «Иш илгери болсун», «Кырман толсун», «Өрүшүң малга толсун» сыяктуу жагымдуу тилек көксөөлөр күнүмдүк турмушубуздагы жаратканда суранган баталардын катарын толуктайт. Эл ичиндеги жакшылыктарга, тойлорго, сапарга чыгар алдында жакшы тилек менен дуба алышкан. Сапарын ак болсун,

Кайтарың тез болсун
Кашка жолдун боюнан
Кызыл бабам кез болсун.
Кетилбесин тулпарыңдын туягы,
Барган жерде кучак жайып тосуп алсын [6, 48-б.].

Дубадагы мыкты, магиялык сөздөр сапарга чыгып жаткан адамдын көңүлүн көтөрүп, сапарынын жеңил, байсалдуу болоруна чоң үмүт арткан. Сапарга аттанган кишинин жакындары, санаалаштары, үй-бүлөдөгү улуу адамдар, ата-энелер аман-эсен барып келишин кудайдан тилеп, тынымсыз дуба окуп турушкан.

Дыйкан болсоң, дыйканчылыктын каада-салтын жакшы өздөштүр, дыйканчылыкка маанилүү убактты жакшы бил, чарбаңдын камын көрсөң, дыйканчылыгыңдан киреше табасын [13, 176-б.]. Эгинчиликтин ээси, дандын пири, данды коргоочу, дан өстүрүүчү катары үрөн сепкендеги бата элибиздин турмушундагы ыйык эсептелген баба дыйкан батасы:

Мына септим ууштап,
Жылуу жерден коңуштап.
Бул – жетим-жесирге,
Мунусу – кары мискинге.
Бу – ачарыкка,
Мунусу – алсыз карыкка.
Булары – курт- кумурскага,
Мунусу – сурамчыга,
А бул – тилемчиге,
Булары – саламчыга.
Калгандары сизге, бизге, мага.
Береке бек байласын,
Бердик баба дыйканга,
Бирин миңден чайнасын
Оомиин! [8], - бул дубаны ар бир кыргыз үй бүлө мүчөсү жакшы билери шарт, анткени биз жер эненин

балдарыбыз.

Изилдөөчүлөр: А. Зулпукаров, А. Абдулатов, М. Маллабаевтер «Бата салты үйрөнүүгө арзыйт» деген макаласында дуба, баталарды берүү себебин, өзгөчөлүктөрү, суроо, каалоо, тилектердин түрүнө карап шарттуу түрдө үч топко ажыратып көрсөтүшөт.

1. Жеңил баталар: тилегине, максатына жет, кем болбо, өмүрүн узун болсун. Мында алаканды жүзгө алып бата тартуу болбойт, жөн гана ыраазычылык сөздөр.

2. Темалуу баталар:

а) үйүн кут болсун (үй тоюнда)

б) ылайым мартабаң түшпөсүн (кызматка дайындоодо)

в) өмүрүңүз узун болсун (туулган күндөрдө, юбилейлерде)

3. Атайын баталар. Бул баталар атайын даярдалат да, чоң шаан-шөкөт менен көптөгөн эл катышкан салтанатта айтылат [9].

Айтылган пикирлер бул окумуштуулардын өздөрүнө гана мүнөздүү пикирлер. Менин пикиримче, дуба, бата каадасынын мейкиндиги кенен, бата берүүчүнүн дүйнө таанымына, рухий маданиятын абайланыштуу.

Дуба, бата бизге ислам дини аркылуу жогоруда белгиленгендей «фотиха» сүрөсүнүн «бата» болуп өзгөрүшү аркылуу тилибизге ылайыкташып киргендегин белгилөөгө болот. Бул мусулманчылыктын гана көрсөткүчү экендигин эске алганыбыз туура болчудай. Башка диндин өкүлдөрүндө дуба, бата сыяктуу алакан жайып дуба, бата тартуу салты жок. Ислам дининдеги бардык элдердин дуба, бата салты кеңири мүнөздө экендигин ички сезимибиз менен сезебиз. Батанын этнопедагогикалык бир катар милдеттери бар экендигин окумуштуулар белгилеп жүрүшөт, бул маселени изилдөө иштери али алдыбызда. Элибиз эгемендүүлүктү алгандан кийин дуба, бата берүүгө маани бере баштады, бул каада жанданып, салтанаттуулукка ээ боло баштады. Жыйынтыктап айтканда, элибизде каада, салт, этнопедагогикалык мамилелерден, ыраазы болуудан, каалоо тилектен, ички руханий маданияттын жогорулагандыгынын белгиси катары белгилөөгө болот. Дуба, бата алууда өз ыктыяры менен материалдык каражат, эмгек, убакыт сарптап белгилүү кишилердин назарынан өтүп, өткөндөрдүн рухуна куран окутуп, кызмат кылып элдин ыраазычылыгына жетишүүсү зарыл. Бир улуу күчтүн, жаратуучуну, ыймандык ишенимди өз рухуна сиңирүү менен ыймандуу, ак ниет болууга, туура сүйлөп, туура жүрүүгө, кичи пейил, жөнөкөй жүрүүгө, мекенди сүйүүгө үндөйт. Келечек муундар адамзаттын рухий байланышы менен ааламдын, табияттын байланышы бар экендигине ишенимдери толукталат. Дуба, бата берүү анын түрлөрү, колдонуу эрежелери, коомчулуктун мамилелери, жашоо турмуштагы мааниси боюнча бардык муундун өкүлдөрү билишет, аны күндөлүк турмуштан байкоого болот. Элибиздин турмуш шартына байланыштуу алыс сапарга каражат табуу максатында чыгышабы, же аскер кызматына жөнөйбү, билим алуу максаты менен барабы алар сөзсүз кандайдыр бир каражат жумшоо жолу менен айыл аксакалдарынан, ислам динин бекем туткан, алла жолунда жүргөн, беш убак намазын үзбөгөн, такыба кишилерден, билимдүү адамдардан дуба, бата алуу менен өздөрүнө рухий ишенич алып сапарга чыгышат.

**Адабияттар:**


1. Карасаев Х. «Өздөштүрүлгөн сөздөр». - 1986. - 98-б.
2. Карасаев Х. Кабуснама. Карасаев сөздүк. - Бишкек: Шам басмасы, 1995 жыл 167-б.
3. Карасаев Х. Кабуснама. Карасаев сөздүк. - Бишкек: Шам басмасы, 1995 жыл, 168-б.
4. «Эл адабияты» сериясы 40 томдук 29-том. - 199-б.
5. «Кыргыз адабиятынын тарыхы». 7 томдук. - Бишкек, 2002. 1-том 293-б.
6. Зулпукаров А. ж.б. «Бата салтын үйрөнүүгө арзыйт» «Эл агартуу» журналы. - 48-б.
7. Жетимишбаев К., Масыракунов К. Санжыра санаты. - Бишкек, Кыргызстан, 1994. - 18-20-б.
8. «Ак бата» Бишкек Учкун 2002 (түзүүчүлөр Кеңеш Жусупов, Чоюн Өмүралиев).
9. «Тосттор, каалоо тилектер, ак баталар». - Бишкек, 2009, (басмага даярдаган О. Батырканов).
10. Чотонов Ө.Ыйман сабагы. - Б., 2010. - 143-144-бб.
11. Мухаммед саллаллаху алейхи васаламдын өмүр баяны, (даярдаган Осмон уулу Алмамбет). - Б., 2012, 575-б.
12. Лазарев С.Н. Диагностика кармы. - Санкт-Петербург, 1998, кн.вторая. - 37 с.
13. Унсуралмаали Кайкавус. (Кыргызчага которгон А.Усманов). - Б., 2009. - 176-б.
14. Бердиев А.Т., Султанова С.Т., Мапаев Б.А. Абдыкадыр Орозбеков – мамлекеттик ишмер жана улуттук интеллегенциянын көрүнүктүү өкүлү / А.Т Бердиев./ Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, 2019. - №10. - С. 96-101. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2019/10/
15. Бердиев А.Т., Султанова С.Т. Кыргызстанда советтик доордо мамлекеттик тил маселесинин көтөрүлүшү / А.Т. Бердиев. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2016. - №8. - С. 221-225. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2016/6/